**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жыл 23-январь №7** **Боо-Терек айылы**

**2023-жылдын 14-ноябрындагы Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXXI сессиясында кабыл алынган Сулайманов Анарбекке №730, №731 контурундагы аянты 1,65 га жайыт жерди 7 жылдык мөөнөткө жашылдандырууга бөлүп берүү жөнүндөгү №5 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17-июнундагы **№306** токтому менен бекитилген "Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндөгү (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-сентябрындагы №510 токтому менен бекитилген редакциясына ылайык) ЖОБОсу". **Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин №4 статьясынын** ("Жайыттар жеке менчикке же ижарага берилиши мүмкүн эмес" жөнүндөгү) **№4 пунктуна карама каршы келгендигин белгилеп** жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү Мыйзамынын №39 беренесинин "Жергиликтүү кеңештин чечимдери" жөнүндөгү ("жергиликтүү кеңештин чечимдери алар кабыл алган тартипте жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн" деген) №5 пунктун жетекчиликке алып Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын XXXIII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2023-жылдын 14-ноябрындагы Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXXI сессиясында кабыл алынган №5 токтому жокко чыгарылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө боюнча иш алып баруу жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**